долбоор

Балыкчы шаардык Кеңешинин

_____-чакырылышынын

_____-сессиясынын

_____-токтомунун

№1-тиркемеси

БАЛЫКЧЫ ШААРЫНЫН «АРДАКТУУ АТУУЛУ» НААМЫН (МАКАМЫН) ЫЙГАРУУ ТУУРАЛУУ ЖОБО

I. Жалпы жоболор

1. Балыкчы шаарынын «Ардактуу атуулу» наамы Балыкчы шаарына жана анын жергиликтүү коомчулугуна көрсөткөн кызматын эң жогорку баалоо болуп саналат.

Ал Балыкчы шаарынын социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүшүнө, адам укуктарын коргоого, мыйзамдуулукту чыңдоого олуттуу салым кошкон, ошондой эле өндүрүштүк, илимий-техникалык, мамлекеттик, социалдык-маданий, спорттук, кайрымдуулук жана коомдук иш-аракеттердеги жеке жетишкендиктери үчүн Кыргыз Республикасынын жарандарын жана чет өлкөлүк жарандарды сыйлоо максатында белгиленет.

2. Балыкчы шаарынын «Ардактуу атуулу» наамы Балыкчы шаардык кеңешинин чечими менен ыйгарылат.

3. Балыкчы шаарынын «Ардактуу атуулу» наамына көрсөтүү жөнүндө сунуштарды Балыкчы шаардык кеңешинин депутаттары, Балыкчы шаарынын мэри, менчигинин түрүнө карабастан ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын эмгек жамааттары, ошондой эле коомдук бирикмелер жыл сайын 31-майга чейин бере алышат.

4. Наам ыйгарууга талапкерлердин документтерин алдын ала кароо, алардын сиңирген эмгегин жана жетишкендиктерин изилдөө, ошондой эле шаардык кеңештин кароосуна сунуштарды даярдоо үчүн Балыкчы шаардык кеңешинин чечими менен атайын коомдук комиссия түзүлөт.

Комиссиянын курамына шаардык кеңештин депутаттары, мэриянын өкүлдөрү, шаардын коомдук турмушунда кадыр-баркка ээ болгон, шаардын тарыхын, маданиятын жана өнүгүү жолун жакшы билген, коомчулук арасында урмат-сыйга татыган инсандар кирет.

Комиссиянын төрагасы комиссиянын ишин уюштурат, жыйындарын чакырат жана алып барат, комиссиянын атынан иш алып барат, кабыл алынган чечимдердин аткарылышын камсыз кылат.

Комиссиянын курамы Балыкчы шаардык кеңешинин чечими менен бекитилет. Комиссиянын төрагасы комиссиянын мүчөлөрүнүн ичинен ачык добуш берүү аркылуу шайланат.

Комиссиянын мүчөсү каралып жаткан маселе боюнча жеке кызыкчылыгы болгон учурда бул тууралуу билдирүүгө жана тиешелүү маселени кароого катышпоого тийиш.

Комиссиянын мүчөлөрү талапкерлердин документтери менен таанышууга, кошумча маалыматтарды суроого, талапкерлер боюнча өз пикирлерин билдирүүгө жана добуш берүүгө укуктуу.
Комиссия өз ишин коомчулукка ачык-айкындуулук, калыстык, объективдүүлүк жана талапкерлерге бирдей мамиле кылуу принциптеринин негизинде жүргүзөт.
Комиссиянын корутундусу сунуштама мүнөзүндө болуп, акыркы чечимди кабыл алуу укугу Балыкчы шаардык кеңешине таандык.
Комиссиянын курамына өзгөртүүлөрдү киргизүү Балыкчы шаардык кеңешинин чечими менен жүргүзүлөт.
5. Коомдук комиссия өз ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, Балыкчы шаарынын Уставын, Балыкчы шаардык кеңешинин Регламентин жана ушул Жобону жетекчиликке алат.
6. Коомдук комиссиянын жыйындары зарылчылыкка жараша өткөрүлөт.
Келип түшкөн материалдарды кароо мөөнөтү эки айга чейин белгиленет, тактап айтканда, июнь жана июль айларында жүргүзүлөт.
Өзгөчө учурларда (мамлекеттик майрамдарга же маанилүү мааракелерге байланыштуу) шаардык кеңештин чечими менен наам башка учурларда да берилиши мүмкүн.
Комиссиянын жыйыны анын мүчөлөрүнүн жалпы санынын жарымынан көбү катышкан учурда укуктуу болуп эсептелет. Комиссиянын чечимдери жыйынга катышкан мүчөлөрдүн көпчүлүк добушу менен кабыл алынат жана протокол менен таризделет.
Комиссиянын курамындагы кызматкерлердин кызмат алмашуусу, кызматтан кетүүсү, каза болгондугу тоскоолдук жаратпайт жана кийинки ордуна келген кызматкер, автоматтык түрдө комиссиянын мүчөсү болуп саналат.
7. Коомдук комиссия берилген материалдарды ар тараптуу изилдеп, аларды кийинчерээк Балыкчы шаардык кеңешинин сессиясында кароого киргизүү үчүн ар бир жылдын 10-августуна чейин акыркы сунуштарын даярдайт.
8. Шаардык кеңештин сессиясында колдоого алынбаган талапкерлер боюнча берилген материалдар, эгерде жаңы жетишкендиктер же кошумча негиздер болсо, кийинки жылдары белгиленген тартипте кайра берилиши мүмкүн.
9. Бир календардык жылдын ичинде Балыкчы шаарынын «Ардактуу атуулу» наамы ыйгарылган адамдардын саны, эреже катары, үчтөн ашпайт.
10. Өзгөчө учурларда, Балыкчы шаардык кеңешинин чечими менен бул сан талапкерлердин сиңирген эмгегинин жана жетишкендиктеринин маанисин эске алуу менен кайра каралышы мүмкүн.
11. Балыкчы шаардык кеңешинин наамды ыйгаруу жөнүндөгү чечими Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте расмий жарыяланат жана Балыкчы шаардык мэриясынын расмий веб-сайтында жайгаштырылат.
12. Балыкчы шаарынын «Ардактуу атуулу» наамы ыйгарылган адамга белгиленген үлгүдөгү күбөлүк жана төш белги жана лента тапшырылат.
Наамдын атрибуттарын даярдоо жана тапшыруу Балыкчы шаардык мэриясы тарабынан уюштурулат.
13. Наам ыйгарылган адамдардын аты-жөнү жана фамилиялары Балыкчы шаардык кеңешинде сакталуучу Балыкчы шаарынын «Ардактуу атуулу» наамынын Ардактуу китебине жазылат.
Ардактуу атуулдардын өмүрү жана иши жөнүндө маалымат шаардын тарых музейине өткөрүлүп берилет.
14. Балыкчы шаарынын «Ардактуу атуулу» наамы соттуулугу мыйзамда белгиленген тартипте жоюлбаган же алынып салынбаган адамдарга ыйгарылбайт.

Наам ыйгарылган адамга карата соттун айыптоо өкүмү мыйзамдуу күчүнө кирип, анын жасаган кылмышы же жосуну «Ардактуу атуулу» наамынын кадыр-баркына жана макамына шек келтирген учурда, наамдан ажыратуу маселеси тиешелүү материалдардын негизинде Балыкчы шаардык кеңеши тарабынан каралып, тиешелүү чечим кабыл алынат.

II. Балыкчы шаарынын «Ардактуу атуулу» наамын ыйгаруунун тартиби жана негиздери

1. Балыкчы шаарынын «Ардактуу атуулу» наамын ыйгаруунун негиздери төмөнкүлөр болуп саналат:

- көп жылдык абийирдүү эмгеги (эреже катары, тиешелүү тармакта жалпысынан кеминде 20 жылдык иш тажрыйбасы) жана өндүрүштө, экономикалык, социалдык, укук коргоо же башка ишмердүүлүк чөйрөсүндө жогорку кесипкөйлүгү;
- шаардын жана мамлекеттин өнүгүшүнө кошкон олуттуу салымы үчүн алынган Кыргыз Республикасынын **мамлекеттик сыйлыктарынын** же министрликтердин жана ведомстволордун ардак наамдарынын болушу;
- адам өмүрүн сактап калууда, жарандардын укуктарын коргоодо, коомдук тартипти сактоодо жана өзгөчө кырдаалдардын кесепеттерин жоюуда эр жүрөктүүлүк, баатырдык жана мекенчилдик көрсөтүү;
- Балыкчы шаарында кайрымдуулукту, социалдык долбоорлорду, демөөрчүлүктү, саламаттыкты сактоону, билим берүүнү, маданиятты жана спортту өнүктүрүүгө кошкон олуттуу (меценаттык) жеке салымы;
- талапкердин Балыкчы шаарынын тургундарынын жана Кыргыз Республикасынын коомчулугунун арасында кадыр-баркы, көп жылдык жемиштүү коомдук же мамлекеттик ишмердүүлүгүнүн натыйжасында жетишкен ийгиликтери жана сиңирген эмгеги;
- чет өлкөлүк жарандардын жана шаардын сыртында жашаган Кыргыз Республикасынын жарандарынын Балыкчы шаарынын эл аралык, региондор аралык, экономикалык жана маданий байланыштарын чыңдоого кошкон өзгөчө салымы.

Мамлекеттик сыйлыктар (ордендер, медалдар, ардак наамдар) менен сыйланган болсо, анын «Балыкчы шаарынын Ардактуу атуулу» наамына талапкерлигин кароодо бул жагдай кошумча артыкчылык катары эске алынат.

2. Талапкердин жетишкендиктери жана сиңирген эмгеги ушул Жободо көрсөтүлгөн негиздердин жыйындысы боюнча каралат.

III. Талапкерлер тарабынан тапшырылуучу документтердин тизмеси

Наам ыйгарууга талапкер болгон жарандар атайын коомдук комиссиянын кароосуна төмөнкү документтерди тапшырууга тийиш:

1. Сунуштама – талапкерди наамга көрсөтүп жаткан мекеме, уюм, эмгек жамааты же коомдук бирикме тарабынан берилген, талапкердин сиңирген эмгеги жана жетишкендиктери негизделген сунуштама.
2. Соттолбогондугу жөнүндө маалымкат – белгиленген тартипте берилген расмий маалымкат.
3. Резюме (өмүр баян) – талапкердин билими, эмгек жолу, коомдук ишмердүүлүгү жана жетишкендиктери жөнүндө маалымат.

4. **Мамлекеттик** жана ведомстволук сыйлыктары жөнүндө документтердин көчүрмөлөрү – талапкердин мурда алган мамлекеттик жана ведомстволук сыйлыктарын тастыктаган документтер.
5. Сиңирген эмгегин жана жетишкендиктерин тастыктоочу документтердин көчүрмөлөрү – талапкердин шаардын социалдык-экономикалык өнүгүшүнө, маданиятына, билимине, саламаттыкты сактоосуна жана коомдук турмушуна кошкон салымын тастыктаган материалдар.
6. Башка тастыктоочу документтер – талапкердин эмгектик, кесиптик жана коомдук ишмердүүлүгүнө байланыштуу грамоталардын, дипломдордун, ыраазычылык каттардын, сертификаттардын, басылмалардын жана башка тиешелүү документтердин көчүрмөлөрү.

Эскертүү: Талапкер тарабынан тапшырылган документтер толук жана так болууга тийиш. Документтер атайын коомдук комиссия тарабынан алдын ала каралып, наам ыйгаруу боюнча тиешелүү корутунду жана сунуштама даярдалат.

Талапкерлердин жеке маалыматтары Кыргыз Республикасынын жеке мүнөздөгү маалыматтарды коргоо жөнүндө мыйзамдарынын талаптарына ылайык иштетилет жана сакталат.